## №2 С.Ногоева атындагы орто мектебинин тарбиялык жана класстан тышкаркы иштер боюнча 2021-2022-окуу жылынын жылдык аткарган иштери боюнча отчету.

**Сентябрь**

- 15-сентябрь –Билим күнүнө карата “Менин Мекеним Кыргызстан” деген темада ачык тарбиялык сабактар өткөрүлдү. Мектепте жалпы 1963 окуучу , 58 класс коплекти бар.
- 21-сентябрь Эл аралык тынчтыкты коргоо күнүнө карата “Тынчытык – менин көз карашымда” деген темада сүрөт конкурсу уюштурулду.
- 23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата №2 С. Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби тарабынан даярдалган “Кыргыз тили - кыргыз элининин улуттук тили” аттуу салтанаттуу иш чара болуп өттү.
- “Кыргыз тили - кыргыз элининин улуттук тили” аттуу салтанаттуу иш чара 2021-жылдын 23-сентябрында саат 08:00до өткөрүлдү.Кыргыз тили кунуно карата бурчтар , дубал газеталар чыгрылды. Иш чарага негизинен мугалимдер жамааты жана мектеп окуучулары катышты.

  Иш чара келечек ээлерин эне тили үчүн жан берүүгө үндөгөн, патриоттук сезимдерин козгоп, ойгото турган мыкты деңгээлде уюштурулуп откорулду. Иш чарада мектеп окуучулары өзүнүн таланттарын көрсөтүп эне тили жөнүндө ыр, бий, макал-лакаптарды айтып активдүү катышышты.
- Окуучулардын коопсуздук эрежелери боюнча иш чаралар түзүлүп, иш алып барылды. Ар бир класста ата-энелер жыйналыштары өткөрүлүп, балдардын коопсуздук эрежелери боюнча ата –энелер менен аңгемелешүү жүргүзүлдү.
- Мугалимдер жана карыялар күнүнө карата жардам иштери уюштурулду. Мектепте иштеп азыркы күндө эс алуудагы ардагер 10 мугалимге жана мектепте иштеп жүргөн 8 ардагер мугалимдерге белектер берилди.
- Жетим, жарым жетим, майып балдар, ата-энеси чет өлкөдө иштеген балдардын учету алынып, үй шарттары кооптуу балдардын тизмеси аныкталды.

**Октябрь**

- Карыялар жана мугалимдер күнүнө карата иш чаралар түзүлүп, иш чаралар боюнча мектептин ардагер мугалимдерине белектер уюштурулду. Мугалимдер жана карыялар күнүнө карата жардам иштери уюштурулду. Мектепте иштеп азыркы күндө эс алуудагы ардагер 10 мугалимге жана мектепте иштеп жүргөн 8 ардагер мугалимдерге белектер берилди. Класстар тарабынан “Мугалимге таазим” , “Карысы бардын – ырысы бар” деген темада тарбиялык сааттар өткөрүлдү.
- Мугалимдер күнүнө карата уюштурулган райондук иш чарага мектеп директору Калмаматова М.М. баштаган бир канча мугалим катышып, республикалык,

областык жана райондук сыйлыктарын алып келишти. Алар: Рахманова А.О, Абдисаматова М.А,

- Окуучулар арасында ар турдуу кылмыштуулуктардын алдын алуу максатында иш- чаралардын планы түзүлүп, бекитилди.“Абийиринди жашындан сактагын, адашып жаман жолго баспыгын” деген темада 1-11-класстарга жума ичинде тарбиялык сааттар өткөрүлдү.9-11-класстар арасында “Кылмыш жана жаза”темасында :
  Кылмыштуулук дегенди кандай түшүнөсүң? Кылмыш жасоого эмне мажбур кылат? Кылмыштуулук жасагандар кандай жазага тартылышат?
- Ушул сыяктуу суроолордун тегерегинде окуучулардан сурамжылоо жургузулуп, анкеталар алынды.Мектеп окуучулар арасында 5-11-класстар “Зордук зомбулуксуз дүйнө” , “Мектеп рекетине жол жок!” деген темаларда дубал газеталар чыгарылды. Конкурстун жыйынтыгы чыгарылды.

- Жугуштуу оорулардын алдын алуу максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, класстардын ден соолук бурчтары жаңыланды. Жугуштуу оорулардын алдын алуу максатта 1-класстарга ыңгайлуу шарттар түзүлдү.Ошондой эле ата-энелер менен балдардын ден соолугун камсыз кылуу максатта түшүндүү иштери жүргүзүлдү. Азыркы күндө мектеп окуучуларынан КОВИД-19 оорусу менен ооруган окуучу катталган жок.
- Диний экстримизм жана терроризм боюнча тарбиялык сабактар өткөрүлүп, мечитке барган балдардын жана оронгон кыздардын учету алынды. Азыркы күндө мектепте 39 оронгон кыз, ал эми 6 мечитке барган балдар бар.
- Окуучулар арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу максатында мектептин ички учетунда турган кооптуу балдар жана кыздардын ата-энелери менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, айрым окуучулардын үй шарттары менен таанышуу болду.
- Окуучулардын тартиби жана формасы боюнча, “Үй бүлөнүн коомдогу ролу” деген темада ата-энелер жыйналышы өткөрүлдү. Айрым аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн жана көп балалуу үй-бүлөлөрдүн үй шарттары менен таанышып, мектеп мүмкүнчүлүгүнө жараша жардам көрсөтүлдү.
- Т.Касымбековдун өмүр таржымалы, чыгармачылыгы боюнча китепканада китепканачы Рахманова Ф. бурч уюштурду.Окуучулар тарабынан дубал газеталар чыгарылды. Т.Касымбековдун “Сынган кылыч”, “Кел-кел” чыгармаларынын негизинде 8-11-класстарга, кыргыз тилчи Алакулова Т. эссе жаздырып, жыйынтыктап, жыйынтыгында 11-класстардын окуучулары Кадыралива А жана Махамаджанова М. мыкты эссе жазган деп белгиленди.
- “Тарыхый чыгармаларга чыйыр салган инсан” аттуу илимий практикага тарых мугалими Сарикова Н. жана коногубуз жазуучу драматург Ооганбек Стамбеков конференция отуп беришти.
- 7-8-ноябрь “Тарых жана ата-бабаларыбызды эскерүү” күнүнө карата иш чаралардын планы түзүлүп,бекитилди. Мектептин тарых мугалимдери тарабынан “Тарых жана ата- бабаларыбызды эскерүү” күнүнө карата атайын бурч уюштурулду.
- “Тарых жана ата-бабаларды эскерүү”деген темада тарых мугалимдери Сарикова.Н жана Бакирова А. видеоролик даярдап окуучуларга жана мугалимдерге тартуулады.

**Ноябрь**

- 15-ноябрдан мектепте экинчи чейрек башталды. Окуунун башталышы менен тарбиялык сабактар жана класстан тышкаркы иштер боюнча иш-чаралардын планы түзүлүп, бекитилди. Ар бир класста балдардын жетишүүсү боюнча тарбиялык сабактар өткөрүлдү.
- 1-11 класстардын окуучулары менен биргеликте "Күз майрамы" уюштурулду. Окуучулар бул майрамга активдуу даярданышып, күз жөнүндөгү ырларды жана бийлерди көрсөтүштү. "Мол тушум" деген темада коргозмо уюштурулду.
- ВИЧ-СПИД оорусун алдын алуу боюнча иш-чаралардын планы түзүлүп, 1-айлык жарыяланды.
- Окуучулардын коопсуздук эрежелери боюнча иш чаралар түзүлүп, иш алып барылды. Ар бир класста ата-энелер жыйналыштары өткөрүлүп, балдардын коопсуздук эрежелери боюнча ата –энелер менен аңгемелешүү жүргүзүлдү.
- Райондогу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендерди колдоо максатта "Биз биргебиз" акциясынын иш планын түзүлдү жана айлык жарыяланды.

**Декабрь**

- 1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата жарыяланган бир айлык акциясынын негизинде иш план түзүлүп, бир канча иш чаралар уюштурулду. Мектепте ВИЧ-СПИД оорусун алдын алуу максатта 9-11-класстардын окуучулары тарабынан дубал газеталар даярдалып, мектепте бурч уюштурулду.Мектеп парламенти жана 11-класстар менен биргеликте "Биз СПИДке каршыбыз "деген темада жоо журуш уюштурулду. 9-11-класстардын класс жетекчилери ВИЧ-СПИД оорусун алдын алуу максатта тарбиялык сабактарды өткөрүштү, ал эми 8-класстардын класс жетекчилери балдарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Мектеп боюнча бул иш-чараларга жалпы 332 окуучу тартылды.

- Жугуштуу оорулардын алдын алуу максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, класстардын ден соолук бурчтары жаңыланды. Жугуштуу оорулардын алдын алуу максатта 1-9-11-класстарга ыңгайлуу шарттар түзүлдү.Ошондой эле ата-энелер менен балдардын ден соолугун камсыз кылуу максатта түшүндүү иштери жүргүзүлдү. Азыркы күндө мектеп окуучуларынан КОВИД-19 оорусу менен ооруган окуучу катталган жок.
- Жыл сайын райондогу ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларга мектеп жамааты жана мектеп окуучулары тарабынан жардам көрсөтүлүп келет. Быйылкы жылы да райондогу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендерди колдоого багытталган "Биз биргебиз" акциясынын негизинде мектепте марафон уюштурулуп, Ниязов жатак мектебинин окуучуларына мектеп жамааты тарабынан 2000сом акчалай жардам, ал эми окуучулар тарабынан кийим кече, окуу куралдары жана кир жуугуч каражаттар тапшырылды. Андан сырткары үйдө окутулган окуучулар Абдуллаева Алия, Нурияга 3000 сом акчалай жардам, окуу куралдары, китеп, таттуулар белекке берилди. Ошондой эле бутуруучулорубуз Мамазакиров Асан, Үсөнго кийим кече,кир жуугуч каражаттары,таттуулар белекке берилди.

- 12-декабрь Ч.Т.Айтматовдун туулган күнүнө карата иш чаралардын планы түзүлүп, мектепте бир канча иштер уюштурулду. Бардык класс жетекчилер Ч.Т.Айтматовдун чыгармаларынын негизинде тарбиялык сабактар өткөрүлдү. 1-6-класстардын окуучуларынын арасында "Ак кеме " повестиндеги Бугу эне жомогу боюнча сүрөт конкурсу уюштурулду. Андан сырткары эссе, дилбаяндар конкурсу уюштурулуп, жеңүүчүлөр белгиленди. Мектепте Ч.Т.Айтматовдун китептерин, чыгармачылыгын чагылдырган көргөзмө уюштурулду,дубал газеталар чыгарылды.
- Жаңы жылдык "Арча" майрамына карата мектеп жасалгаланып, дубал газеталар даярдалды. Мектеп администрациясы тарабынан "Арча" майрамына карата регламент тузулуп ,жаны жылдык майрам жогорку денгээлде отту.Окуучуларга мектеп администрациясы жана класс жетекчилер тарабынан куттуктоолор айтылды. Майрам күндөрүнө күндүзгү жана түнкү нөөмөтчүлүк уюштурулду.

№2 С.Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 3-чейректе тарбиялык иштер боюнча бир канча иш чаралар өткөрүлдү. Январь, февраль жана март айларындагы даталуу күндөргө карата тарбиялык сабактар, конкурстар, жолугушуулар, коомдук жыйналыштар уюштурулду.

- Окуунун башталышы менен тарбиялык сабактар жана класстан тышкаркы иштер боюнча иш-чаралардын пландары каралды. Ар бир класста балдардын жетишүүсү, балдардын мектепке келүү жана сабакта аралыкты сактоо боюнча тарбиялык сабактар жана ата-энелер жыйналыштары өткөрүлдү.
- Окуучулардын коопсуздук эрежелери боюнча иш чаралар түзүлүп, иш алып барылды.
- Балдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун жана окуучулар арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу максатында иш- чаралардын планы түзүлүп, бекитилди.

"Зордук зомбулуксуз үй-бүлө" , "Баланын укуктарын коргоо" деген темаларда ата-энелер жыйналыштары, тарбиялык сабактар, милиция кызматкерлери менен биргеликте кыздар жана балдар советтери өткөрүлдү.

14-февраль Афганчылар күнүнө жана 23-февраль Мекенди коргоо күнүнө карата бир канча иш чаралар уюштурулду.

14-февраль Афганчылар күнүнө жана 23-февраль Мекенди коргоо күнүнө карата иш чаралар жарыяланып, бекитилди.

14-февраль Афганчылар күнүнө жана 23-февраль Мекенди коргоо күнүнө тарбиялык сабактар, сүрөт конкурстары уюштурулду. "Афганистан живет в душе моей" деген темада кече уюштурулуп ,афган согушунун ардагерлери чакырылды.Аларга ыр,бий жана корунушторду тартуулап,баалу белектер берилди.

10-11-класстар аралык "Келечектеги жоокер" спорттук мелдеш уюштурулду.

5-6-7-класстар арасында "Умей защищать Родину" деген темада сүрөт конкурсу өткөрүлдү.

14-февраль Афганчылар күнүнө жана 23-февраль Мекенди коргоо күнүнө карата дубал газеталар даярдалып, видеороликтер көрсөтүлдү.

"Жоокер ыры" конкурсунун зоналдык туру болуп өттү. Бул конкурска мектептен 11 класстын окуучусу Садырбаева Жасмина катышып, "Согуш ыры" номинациясы боюнча биринчи орунду ээледи. Облустук туруна катышып учунчу орунду ээледи.

21-февраль- “Эл аралык эне тил күнүнө” карата төмөнкүдөй иш чаралар уюштурулду. 21-февраль –“ Эл аралык эне тил” күнүнө карата иш чаралар жарыяланып, бекитилди. Мектептин китепканасында “Дил бермети- эне тил” деген темада көргөзмө уюштурулду. Окуучулар арасында көркөм окуу боюнча конкурс уюштурулуп, жеңүүчүлөр белгиленди. Башталгыч класстардын арасында “Эне тилим-эне сүтүм” деген темада сүрөт конкурсу уюштурулуп, жеңүүчүлөр белгиленди. Окуучулар арасында улуттук бий жана ыр боюнча фестиваль өткөрүлдү. Бул фестивалда окуучулар улуттук ыр, бий, оюндарды көрсөтүшүп, улуттук тамактардан көргөзмө уюштурушту. Фестивалга 9-10-класстардын окуучулары активдүү катышышты. 5-11-класстар арасында дилбаяндар конкурсу уюштурулду. Бардык класстарга тарбиялык сабактар өтүлдү.

3-март Кыргыз Республикасынын Туусунун жана 5-март Ак калпак күнүнө карата төмөнкүдөй иш чаралар уюштурулду.

3-март Кыргыз Республикасынын Туусунун жана 5-март Ак калпак күнүнө карата салтанаттуу жыйналыш өткөрүлдү.

3-март Кыргыз Республикасынын Туусунун жана 5-март Ак калпак күнүнө карата мектептин китепканасында көргөзмө уюштурулду.

“Кыргыздын желбиреген желеги”, “Ак калпак чыныгы жигиттин белгиси” деген темаларда сүрөт конкурстары уюштурулду. Бул конкурска 1-5-класстардын окуучулары катышты.

Мектепте ак калпак кийген жигиттердин жөө жүрүшү уюштурулду. Бул жөө жүрүшкө 7-8-класстардын окуучулары тартылды.

8- март “Аялдардын эл аралык кунуно карата ” бир канча иш чаралар уюштурулду. 9-10 класстын кыздар арасында “А ну-ка девочки” конкурсу уюштурулуп, 9 “б” классынын кыздар командасы активдуу катышкандыгы учун биринчи орунду ээледи.

“Салам сага санжыралуу Ноорузум !” деген темада мектепте иш чаралар уюштурулду.Класс жетекчилер тарабынан , класстарга тарбиялык сааттар откорулду.Башталгыч класстарда улуттук тамак-аш конкурстары,улуттук оюндар уюштурулуп откорулду. 5-6 класстар тарабынан концерттик программалар тартууланып,дубал газеталар чыгарылды.

Мектептеги турмуш шарты оор, ата-энеси миграцияда, жарым жетим, тоголок жетим балдардын тизмеси класс жетекчилер жана соц.педагог тарабынан кайра каралып чыкты жана ал окуучулардын үй шарттарына анализ жүргүзүлдү. Мектепте окуган жана үйдө окуган ден соолугу жагынан мүмкүнчүлүгү чектелеген окуучулар жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарынын тизмеси кайрадан каралып, жардамга муктаж балдар аныкталды.

8-9-10-11-класстардын окуучуларына “Социалдык адилеттүүлүк -деген эмне?” деген темада дилбаян жана сүрөт конкурстары уюштурулду.

Мүмкүнчүлүгү чектелген Абдуллаева А, Абдуллаева Н жана аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдары Маткеримов Н, Громокова Нга окуучулар жана мугалимдер тарабынан жардам көрсөтүлдү.

№2 С.Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 3-чейректе тарбиялык иштер боюнча бир канча иш чаралар өткөрүлдү. Апрель, май айларындагы даталуу күндөргө карата тарбиялык сабактар, конкурстар, жолугушуулар, коомдук жыйналыштар уюштурулду.

1. №2 С.Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде окуучулар арасында кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун, диний экстримизмдин алдын алуу боюнча төмөнкүдөй иштер уюштурулду.

Балдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун жана окуучулар арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу максатында иш- чаралардын планы түзүлүп, бекитилди. Мектептеги турмуш шарты оор, ата-энеси миграцияда, жарым жетим, тоголок жетим балдардын тизмеси класс жетекчилер жана соц.педагог тарабынан кайра каралып чыкты жана ал окуучулардын үй шарттарына анализ жүргүзүлдү.
“Мен диний экстримизмге каршымын” , “Зордук зомбулуксуз үй-бүлө” , “Баланын укуктарын коргоо” деген темаларда ата-энелер жыйналыштары, тарбиялык сабактар, ИДН Мухидин уулу А менен биргеликте кыздар жана балдар советтери өткөрүлдү.
7-8-9-класстардын, ата-энелердин жана коомчулуктун катышуусунда Ноокен тынчтык куруучулар клубунун “Дин жана тынчтык”, “Менин динге болгон көз карашым” деген темада тегерек стол уюштурулду.
5-6-7-класстар арасында “Мени түшүн”,“Зордук – зомбулуксуз үй-бүлө”,“Кыздардын укугун коргоо” деген темаларда сүрөт, дилбаян, эссе конкурстары уюштурулду.

2. №2 С.Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде ар кандай жугуштуу оорулардын алдын алуу максатта балдарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, диктанттар алынды. Мектептин ден соолук бурчуна жугуштуу оорулардан сактануунун жолдорун түшүндүргөн маалымат баракчалары илинди.

3. “Улуу Ата Мекендик согуштун 77 жылдыгына ” карата төмөнкүдөй иш чаралар уюштурулду.

“Улуу Ата Мекендик согуштун 77 жылдыгына ” карата иш чаралар жарыяланып, бекитилди.
Мектептин китепканасында “Жеңиш күнү ” деген темада көргөзмө уюштурулду. Окуучулар арасында көркөм окуу боюнча конкурс уюштурулуп, жеңүүчүлөр белгиленди. Башталгыч класстардын арасында “Мы помним ” деген темада сүрөт конкурсу уюштурулуп, жеңүүчүлөр белгиленди. 5-6-класстар арасында адабий-музыкалык композиция көрсөтүлдү, ал эми 9-10-класстар арасында адабий кече уюштулуду. . Бардык класстарга тарбиялык сабактар өтүлдү. Бардык класстар “Улуу Ата Мекендик согуштун 77 жылдыгына ” карата дубал газеталарды чыгарышты. Бул иш чараларга активдүү катышкан окуучуларга грамоталар берилди.

4. Мектепте В.И.Ленин атындагы бүткүл дүйнөлүк пионер уюмунун 100 жылдыгына карата “Мурдагы пионер уюмдарынын көрүнүштөрү” деген темада сүрөт конкурсу өткөрүлдү.
Класс жетекчилер тарабынан тарбиялык сааттар өткөрүлдү,мектеп китепканасында бурч уюштурулду.
2022-жылдын 19-май күнү уюмга өтүү салтанаты болуп, ага ата-энелер жана мектептин мугалимдери катышты.
5. №2 С.Ногоева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 2022-жылдын 13-майында Ноокен районунун аймагында кырсыктардын тобокелин азайтуу боюнча жер титирөө мезгилинде жана андан кийин окуучулардын, мугалимдердин жана мектеп

кызматкерлеринин сактыгын камсыз кылуу,ошодой эле мугалимдерди, техникалык кызматкерлерди жана окуучуларды жер титирөөгө кантип туура аракеттенүү жана күрөшүү максатында , жер титирөөгө жооп берүү планын иштеп чыгып , мектеп администрациясынан жана окуучулардан ыктыярдуу куткаруу тобу түзүлүп машыгууга даярдануу иш чара өткөрүлдү. Иш чара Ноокен районунун №55- Өзгөчө кырдаал бөлүмүнүн адистери жана Кызыл Жарым Ай коомунун окулдөрү менен биргеликте өткөрүлдү. Ушул эле иш-чаранын райондук туруна 8 “А” классынын “Ритм” командасы катышып 3-орунду ээлешти.

6. 23-май энелер күнүнүнө карата Ноокен райондук Ч.Айтматов атындагы китепканага “Энелер – аалам тиреги”деген иш-чарага 7-класстын окуучулары активдүү катышып келди.

7. Окуучулар арасындагы ар кандай кырсыктардын алдын алуу, ден соолугунун, өмүрүнүн коопсуздугун сактоо максатта төмөнкүдөй иш чаралар уюштурулду.

Мектепте 5-11-класстардын окуучулары арасындагы ар кандай кырсыктардын алдын алуу, ден соолугунун, өмүрүнүн коопсуздугун сактоо максатта мектепте ИДН Мухидин уулу А менен биргеликте жалпы жыйналыш өткөрүлдү.
Ар бир класстын класстык жана ата-энелер жыйналыштары уюштурулуп, 1-5-9-25-май 8-9-июнь майрамдык күндөргө жана каникул мезгилине карата коопсуздук эрежелер боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, ар бир окуучудан жана ата-энелерден түшүнүк каттар алынды.
8. Мектепте “Акыркы коңгуроо” салтанаты буйрукка ылайык уюштурулуп, бүтүрүүчүлөргө куттуктоолор айтылды. Ар бир бүтүрүүчү класстын активдүү окуучуларына класс жетекчи жана мектеп администрациясы тарабынан грамоталар берилди.
Бутүрүүчү класстардын ата-энелери менен жыйналыштар уюштурулуп, балдардын коопсуздугу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,нөөмөтчүлүк түзүлдү.

Мектеп директору — Калмаматова М.М.

Организатор — Таштемирова Г.К.